УДК 004+811
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-186-189

**ИБРАИМОВА Ж.Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**ИБРАИМОВА Ж.Т.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**IBRAIMOVA J.T.**
KNU J. Balasagyn

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА АЙРЫМ БИР МАСЕЛЕЛЕР

## РАЗВИТИЕ ГОСУДАРСТВЕННОГО ЯЗЫКА И НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ

## DEVELOPMENT OF THE STATE LANGUAGE AND SOME ISSUES

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул илимий макала азыркы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил саясатынын актуалдуу маселелерине арналат. Анда Кыргызстанда мамлекеттик тил саясатынын иш жүзүнө ашыруунун жолдору, келечек пландары тууралуу пикирлер сунушталат.

**Аннотация:** Статья посвящена актуальным вопросам развития политики государственного языка в Кыргызской Республике. В ней рассматриваются пути реализации политики государственного языка, а также рекомендованы перспективы его развития.

**Abstract:** This article is devoted to actualize issues of development of policy of a state language in the Kyrgyz Republic. In it ways of realization are narrated. politicians of a state language and also the prospects of its development are recommended.

**Негизги сөздөр:** тил; мамлекеттик тил; официалдуу тил; тил саясаты; стратегия; көп тилдүүлүк; улут; улуттук тил; аң-сезим; жазуу иштери; оозеки иштер; адабий тил; улуттук тил; улуттук тил комиссиясы; мамлекеттик идеология; тил мыйзамы.

**Ключевые слова:** язык; государственный язык; официальный язык; языковая политика; стратегия; многоязычие; нация; национальный язык; сознание; письменные работы; устные работы; литературный язык; национальная комиссия; национальная идеология; закон о языке.

**Keywords:** language; state language; official language; language policy; strategy; multilingualism; nation; national language; consciousness; written works; oral works; literary language; national commission; national ideology; the law about language.

Мамлекеттик тилди билим берүүнүн негизги тилине айландыруу маселеси. Бул маселе мамлекеттик тилди окутуунун бирдиктүү методологиясынын, концепциясынын, методикасы менен технологиясынын иштелип чыкпагандыгы, окутуу процессинде стимул берүүчү системанын жана кесиптик тилди калыптандырууга багытталган билим берүү стандарттарынын, окуу-методикалык комплекстеринин иштиктүү өркүндөтүлбөгөндүгүнө түздөн-түз байланыштуу болуп келген. Мамлекеттик тилди социалдык-коммуникациялык чөйрөдө жайылтуу көйгөйүазыр деле жок эмес. Бул көйгөйлүү маселе мамлекеттик тилдин коммуникация жаатында, коомдук-социалдык тармакта кеңири колдонулбагандыгынан, анын мыйзамдын, илимдин жана жаңы технологиялардын тили катары өнүкпөгөндүгүнөн улам келип чыккан. Коомдо тил маданиятын арттыруу маселеси. Азыркы мезгилде заманбап кыргыз тили кодификациялануага, анын адабий ченемдери өркүндөтүлүүгө, сүйлөө жана жазуу маданиятынын бирдиктүү эрежелери иштелип чыгууга жана бир калыпка түшүп жатат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат деп биринчи беренеде жазылып турат Кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн негизги уңгусунун бири катары мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин бардык чөйрөлөрүндө ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын дагы башка мыйзамдарында каралган тартипте милдеттүү түрдө иштейт. [1] Кыргыз Республикасынын Конституциясында мына ушундай жазылган.

Ошентсе да тилдин өнүгүүсү бир гана укуктук ченемдерге, мыйзамдарга байланыштуу эмес. Анын өнүгүүсү,колдонулуу чөйрөлөрүнүн кеңейиши объективдүү коомдук мамилелерге да байланыштуу болот. [2] Тилекке каршы айрым мекеме, ишкана, жогорку окуу жайларда жана башкаларда толук кандуу мамлекеттик тилде иш жүрбөгөндүгү ачык эле көрүнүп турат. Мамлекеттик тил мыйзамы кабыл алынгандан бери тилди коомдо жайылтуу, өнүктүрүү үчүн көптөгөн иш-аракеттер, мамлекеттик программалар кабыл алынса дагы аксаганы аксаган экендигин өзүбүз аралашып, колдон келген көйгөйдү чечүүгө аракет кылып жатабыз.

Мамлекеттүүлүктүн эң башкы белгилеринин бири анын тили. Мамлекеттик тил ар бир бул улуттун, мамлекеттин иденттүүлүгүн аныктоочу фактор экендиги талашсыз.

Мамлекеттик тилибиз өзүнө тиешелүү, мүнөздүү баардык милдеттерди – мамлекетте расмий иш кагаздарын жүргүзүүчү, билим берүүчү окуу жайларда окутууну өз тилибизде алып баруучу, укуктук ченемдерди жана мыйзамдарды жаратуучу, сот иштерин алып баруучу, ич ара колдонуучу жана тышкы саясий, соода-экономикалык мамилелерге байланышкан расмий иш аракеттерди алып баруучу, административдик жана саясий, дипломатиялык вазыйпаларын аткаруучу расмий тил катары өз вазыйпасын аткарып келе жатат. Бирок канчалык деңгээлде экендиги айдан ачык көрүнүп турат. Жогорку окуу жайды окуп бүтүп диплом алган адис кызматка орношуп, иш алып барууда мамлекеттик тилде көйгөйлөр жаралып, кыйынчылыктар туулуп жатат. Мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзө албай, одоно каталар кетип, айла жок кайра эле орус тилинде иш алып барышат. Анын себептеринин бири жогорку окуу жайда бардык сабактар орус тилинде өтүлөт. Орус тилинде матриалдар көп. Кадрларды беш – алты жыл орус тилинде даярдап, кызматка орношкондо мамлекеттик тилди билбейсин деп талап кылып жатабыз. Логика кайда? Мамлекеттик тилдин толук кандуу коомдо жайлышына жогорку окуу жайларда кадрларды даярдоодо кыргыз тилинде гана сабактарды өтүү зарыл. Ансыз да жаштар орус тилинде сүйлөшөт. Качан гана муктаждык жаралганда адам бардык нерсени үйрөнө алат. Ошондуктан муктаждыкты жаратуу керек. Оңой жол менен эч качан өнүгө албайбыз. Жогорку окуу жайларына көпчүлүк предметтерди кырыгз тилинде өтүү бул учурдун талабы жана мамлекеттик тилди мыкты өздөштүрүү үчүн болгон иш- аракет.

Бирок бир маселе, ошол мамлекеттик тилдин саясий, укуктук негизин түзүү, тиешелүү мыйзам актыларын камсыздоо. Экинчи бир маселе ошол мамлекеттик тил мыйзамынын кынтыксыз аткарылышын талап кылуу, муктаждыкты пайда кылуу маселеси да бар. Кыргыз Республикасы мамлекеттик тилге абдан дыкат көңүл буруп, расмий түрдө кам көрүп, айрыкча анын укуктук-нормативдик негизин түзүүгө зор аракеттерди көрүүсү абзел.

Көпчүлүк эле жерде орус тили пайдаланылып жатса, басса-турса орус сөздөрүн укса, иштин баары эле орус тилинде жүрүп жатса, кайда караба орусча, англисче жазуулар турса, бала-бакчадан баштап, мектеп, жогорку окуу жайларында окуу-тарбия иштери орус тилинде жүргүзүлүп жатса аларга кыргыз тилин кайдан үйрөнөт? Албетте эң алгач үй бүлөдө үйрөнүү керек. Өз эне тилинде сүйлөө маанилүү. Эне тилинде сүйлөшүп, улуттук нарк-насилдерди үйрөтүү, туура жол көрсөтүү ата – энелердин милдети.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүндө сүйлөгөн сөзүндө мындай дейт, “Көп тилдерден айырмаланып, кыргыз тили көөнө тил көрүн түзгөн” тилдердин катарына кирет. Ошондой эле биздин эне тилибиз – жалпы түркий тектеш тилдердин өзөгү болуп келген улуу тил. Анын башкалардан өзгөчөлүгү мына ушунда. Дегеле, ким болбосун тилди таза сактап, дилди аруу тутууга тийиш. Тил менен дил өз ара жуурулушканда гана ата-бабаларыбыздан кылымдардын кыйрынан бери муундан-муунга таберик болуп келаткан нарк-насил менен салт-санаа, акыл-парасат менен адеп-ахлактык келечекке өз кызматын үзгүлтүксүз өтөй алат. Ал эми өз эне тилине дилин бербеген, дитин койбогон, анын келечегине кам көрбөгөн элдин арымы кыска, келечеги бүдөмүк болот”.

Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов 1987-жылы 5-декабрда республикалык илимий-практикалык конференцияда белгилгендей, кыргыз маданияты ушул өз жеринде өнүгө албаса, башка эч жерде өнүгө албайт деп баса белгилеген. Мамлекеттик тил менен маданиятты, адабиятты, каада-салттарды, үрп-адаттарды, илим-билимди, тарыхты ж.б. жеткирип жатпайбызбы. Албетте, өз эне

тилибиз өзүбүздүн мамлекетибизде гана өнүгө алат.

Мына ошондуктан мамлекеттик тил саясаты мамлекеттик саясаттын эң маанилүү ажырагыс бөлүгү. Ага жараша азыркы ааламдашуу доорунда мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө жигердүү аракет жасоого тийишпиз, ансыз болбойт. Азыркы коомдун талабы санарип технологиясынын өнүгүп өсүү учуру, жашоо-турмушубуздун бардык тармагын кучагына алган санарип технологиясы менен мамлекеттик тилдин колдонуу айдыңын кеңейтүү аркылуу биз билим берүү сапатын жакшыртабыз, этностор аралык биримдикти чыңдайбыз жана ошондой эле улуттук баалуулуктарыбызды бекемдей алабыз.

Өзгөчө ааламдашуу доорунда мектептерде ж.б. окуу жайларында кыргыз тилин окутуу процесстерин жакшыртууга, заманбап технологияларды, окутуу ыкмаларын пайдаланууга, сапаттуу окуу китептерди даярдап, жетиштүү санда басып чыгарууга жумшоо маанилүү да, пайдалуу да болоор эле.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров "Улуттук нарк жөнүндө" Жарлыгы бекер жерден чыккан жок.

Азыркы мезгилде элибизге жаңы көз караштарды, ойлорду сунуштап, эксперимент жүргүзө берүү эмес мезгил сынынан өтүп, элдин көкүрөгүнө уюган улуттук нарктуулукту кайра калыбына келтирүү зарылчылыгы чыгып жаткандыгын бардыгыбыз эле байкоого болот.

Бул сунушталып жаткан улуттук нарк дөөлөтүбүз Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №1 "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгынын ырааттуу уландысы катары сунушталып жатат.

Жаны технологиялардын айдыңы менен ааламдашуунун чеңгээлине кирип, өзөгүбүздү жана тамырыбызды жоготуп албашыбыз үчүн адилеттүүлүккө жана акыйкаттуулукка негизделген нарктуу коомду куруу үчүн мамлекет тарабынан камкордуктар да көрүлүп жатат. Улуттук-нарк насил менен тарбияланган муун, коом келечектин күчтүү пайдубалы эмеспи.

Мамлекет тарабынан улуттук тилибиздин өсүп-өнүгүүсү үчүн баардык камкордуктар көрүлүп, айрыкча анын укуктук, социалдык негиздери бекемделип, ар тараптуу шарттар түзүлүүдө. Эми мамлекеттик бийликтин борбордук жана жергиликтүү органдары, муниципалдык мекеме-ишканалар, укук коргоо органдары, билим берүү жааты алардын милдеттүү түрдө толугу менен ишке ашырылышын, мыйзамдык, укуктук талаптардын кынтыксыз аткарылышын камсыз кылуусу милдет. Өзгөчө агартуу жаатында эмгектенген жарандар мектепте болобу, жогорку окуу жайында болобу нарктуу, билимдүү коомду курууга чоң салым кошуп келүүдө жана жоопкерчиликди да алуу да милдет.

**Колдонулган адабияттар**

1. Жумагулов Т. Кыргызстандын келечеги – мамлекеттик тилинде. – Бишкек, 1998.
2. Иш кагаздарын жүргүзүү. Юристтер үчүн.Т. Козубекова. – Бишкек, 2022.
3 Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. – Бишкек, 2009.
4. Тил – улуттук маданият, улуттук байлык, улуттук мурас. – Бишкек, 2012.
5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Бишкек, 2016.
6. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү: мыйзам, 1989-ж., 23- сентябрь.
6. 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча улуттук программа. – Бишкек, 2014-ж.
7. https://kutbilim.kg/analytics/inner/uluttuk-nark-ulut-zh-z/
8. https://media-center.kg/kg/news/Kirgiz-narktari-376154405

**Рецензент: филол.и.к., доцент Кадыралиева Д.Дж.**